*УДК: 811.512.161.*

***Акалын Режеп,***
*К.Карасаев атындагы БГУнун аспиранты,*
*e.mail:kerimtuzcu@hotmail.com*

# СӨЗ ЖАСОО УЯСЫНЫН КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

***Аннотация:*** *Макалада түрк тилдериндеги жаңы сөздөрдү уюштуруу маселеси кеңири каралган. Кыргыз тилинде уңгунун негизинде жаңы сөз уюштуруу маселесине токтолгон. Бардык илимий көз караштар кыргыз тилинин тилдик бирдиктерин мисал келтирүү менен бекитилген.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мүчө, сөз жасоо, тил илими, грамматика, морфология, лексикология.*

***Аннотация***: *В данной статье рассмотрены проблемы образования новых слов в кыргызском языке. Были выявлены основные особенности образования слов на основе корней в кыргызском языке. Все научные взгляды укреплены на примерах кыргызского языка.*

***Ключевые слова:*** *окончание, словообразование, лингвистика, грамматика, морфология, лексикология.*

Кыргыз тилинин сөз жасоо маселеси тууралуу маалымат жогоруда атап өткөн түркolog окумуштуулардын эмгегинен кийин К.Тыныстановдун эң алгачкы окуу китептеринде берилет. Анда атооч жана этиш сөз түркүмдөрүн жасоочу мүчөлөрдү берген. "Сөз мүчөлөрү жана курандылар" деген термин менен атап, окумуштуу алгачкы китептеринде бир топ кеңири изилдөө жыйынтыктарын берген. [7] Академик Б.Орузбаеванын пикири боюнча кыргыз тилинин актуалдуу проблемаларын изилдөөдө, б.а. морфологиясын, лексикологиясын изилдөөдө К.Тыныстановдун эмгегинин мааниси зор экендигин төмөнкүдөй белгилейт: "К.Тыныстановдун кыргыз тил илимин түптөөдө андагы айрым бир түшүнүктөр боюнча салымын төмөнкүдөй баалоого негиз бар. Мисалы, сөздү морфология же лексикологиялык объект катары кароодо мындан ары, сөзсүз, Касым Тыныстановдун эмгектерине кайрылып, анын көз караштарына бир кыйла толугураак токтолуу зарыл сыяктанат. Анткени, ушул убакка чейин "сөзгө" баа бергенде И.А.Батманов, Б.М.Юнусалиевдердин эмгектерине таянып келгенбиз. Албетте алардын бул проблемага тиешелүү көз караштары, болгондо да Б.М.Юнусалиевдин уңгу сөздөрдүн пайда болуу, жасалуу ыкмаларына байланыштуу илимий-теориялык көз караштары тюркологияда дайыма кепке алынып, жогору бааланып келе жатат. Андай баага белгилүү окумуштуу талашсыз татыктуу. Ал эми К.Тыныстанов болсо өзүнүн алгачкы окуу китептеринде эле сөз, анын тыбыш, муун составына, жасалыш, өзгөрүш механизмдерине, ошого байланыштуу тилдик кубулуштардын өз ара ички байланыштары менен түшүндүрүлө турган касиеттерин баяндаган эң так, түшүнүктүү эрежелерди иштеп чыккан". [7]

Ошентип окумуштуу, тилчи К.Тыныстанов репрессияланып кеткенден кийин кыргыз тил илиминин фонетикасы жана морфологиясы боюнча берилген илимий көз караштарына таянып кийинки окумуштуулар бир топ илимий эмгектер жарыялашкан.

И.А.Батмановдун "Грамматика киргизского языка" деген эмгеги 1940-жылы жарыкка чыккан. Анда окумуштуу кыргыз тилиндеги сөз жасоочу мүчөлөргө токтолуп, алардын маанисин, аткарган функциясын ачып берген [4].

Тил илими боюнча 1950-жылдары болуп өткөн илимий талкуулардан кийин тил илимине жаңы муун келип кошулган. Жаңы муундун келиши менен кыргыз тил илими жанданып, терең изилденип, тил ар башка тармактары ар тараптан изилдене баштаган. Кызыл профессор атанган Касым Тыныстанов негиз салып кеткен грамматикалык түшүнүктөр ар бири ар башка изилденип, ЖОЖдор үчүн атайын Морфология боюнча окуу куралдар иштелип чыга баштаган.

Кийинчерээк сөз проблемасы Б.Юнусалиевдин эмгегинде бир кыйла кеңири изилдөөгө алынган. Анда кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн өнүгүшү анализденет [9].

Бул аталган эмгектерден соң сөз жасоо боюнча Ж.Шүкүров, Б.Ө.Орузбаева, С.Кудайбергенов [6] өздөрүнүн изилдөөлөрүнүн негизинде, бир топ илимий эмгектерди жарыялашкан.

Басым жасап айтып кете турган эмгек Б.Орузбаеванын кыргыз тилиндеги сөз жасоочу мүчөлөргө арналган монографиясы. Бул эмгекте автор сөз жасоо проблемасы, сөз жасоо жолдору, каражаттары, аларга байланыштуу эрежелердин илимий негиздери жана себептери атайын монографиялык планда тереңдетилип иштелип чыккан.

Ал эми С.Кудайбергеновдун бир катар илимий эмгектери кыргыз тилинин морфологиясынын орчундуу проблемаларына арналган. Этиштердин жасалуу жолдорун талдоого алган негизги эмгегинде сөз жасоонун морфологиялык жолуна басым жасаган. Этиш сөз түркүмүн жасаган мүчөлөр тууралуу бир топ или-

мий пикирлерин берген. Бул эмгекте автор окумуштуу түркolog Э.В.Севортяндын илимий концепцияларын пайдаланган.

Жалпы жонунан бул окумуштуулар сөз жасоо проблемасын өтө терең изилдеп, анын теориялык маселелерин, кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалуу жолдорун ачып беришкен. Бирок, кыргыз тилинде сөз жасоону өзүнчө тил илиминин бир бөлүмү катары көрсөткөн илимий изилдөө али колго алына элек. 60–90-жылдарда жарык көргөн эмгектердин бардыгында сөз жасоо морфологиянын тутумунда каралып келген. Алсак, 1964-жылы чыккан Кыргыз тилинин грамматикасында, С. Давлетов, С.Кудайбергенов тарабынан даярдалган “Азыркы кыргыз тили. Морфология” деген 1980-жылы чыккан эмгекте, 1980-жылы чыккан Кыргыз адабий тилинин грамматикасында сөз жасоо морфологиянын тутумунда каралган [5].

Кийинчерээк 90-жылдардын аяк ченинде жарык көргөн эмгектерден баштап сөз жасоо маселесине кызыгуу күчөп, аны тил илиминин өзүнчө салаасы катары изилдөөгө аракеттер башталган. Сөзүбүз кур болбош үчүн аларга кыскача токтоло кетсек.

1997-жылы чыккан И.Абдувалиев, Т.Садыков тарабынан даярдалып, жарык көргөн “Азыркы кыргыз тили. Морфология” деп аталган жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери үчүн жазылган окуу китепте сөз жасоо тил илиминин өзүнчө бөлүмү катары каралып, ага карата төмөнкүдөй аныктама берилген: “Сөз жасоо деген термин эки түрдүү мааниде колдонулат. Ал, биринчиден, туунду жана татаал сөздөрдүн кантип жасаларын, анда кандай каражаттар жана ыкмалар пайдалана тургандыгын билдирсе, экинчиден, ал сөздөрдүн табиятын иликтеп үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүмүн түшүндүрөт. Демек, сөз жасоо – татаал жана туунду сөздөрдү өз ичине камтып турган тил ситемасынын бир бөлүгү жана ал бөлүктү изилдеп үйрөтүүчү тил илиминин фонетика, лексика, морфология, синтаксис сыяктуу өзүнчө бөлүмү” - дейт.

Окумуштуулар тилдин сөздүк курамындагы сөздөр сан жагынан өтө эле чектелүү экендигин баса белгилеп, андан ары сөз жасоо проблемасына тиешелүү бардык түшүнүктөр, бирдиктер камтылып кенен, так аныктамалар берилген. Алсак ал эмгекте сөз жасоо мааниси, негиз, тубаса негиз, туунду негиз, түзүүчү негиз,туундулук катыш, куранды мүчө, сөз жасоо тизмеги, сөз жасоо уясы, сөз жасоо тиби, сөз жасоо жолдору, сөз жасоонун айкашуу ыкмасы, сөз жасоонун лексика-семантикалык ыкмасы, соз жасоонун фонетикалык ыкмасы, сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы каралган [2].

Кийинчерээк окумуштуу И.Абдувалиев өзүнүн “Кыргыз тилинин морфологиясы” деп аталган кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китебинде мындай дейт: “Сөз жасоо чынында эле лексикология менен морфологиянын экөөнө тең тиешеси бар илим. Анын лексикологияга жакындыгы тилдеги лексикалык байлыкты иликтейт. Сөздөрдүн кантип жасалып, кайдан келип каларын, лексиканын толукталуу мыйзамдарын ачып көрсөтөт.

Ал эми морфологияга жакындыгы сөздөрдүн жасалышында алардын тутумдук түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү көрсөткөндүгүндө жатат. Сөздүн морфологиялык жол менен жасалышында да, синтаксистик жол менен жасалышында да анын тутумдук түзүлүшү иликтенбей калбайт. Ошентип, сөз жасоо тил илиминин өз алдынча бөлүмү болсо да морфологиянын сөздүн тутуму деген бөлүмү менен ажырагыс биримдикте каралат. Анткени, ар кандай сөздүн жасалышында грамматикалык каражат катары эсептелген курандылар да, бири-бири менен биригип бир сөз болгон уңгулар да сөздүн тутумундагы мүчөлөр (морфемалар) болуп саналат.

Мына ушул жагдайлар бул окуу китепте сөз жасоону тил илиминин морфология бөлүмүнүн тутумунда карап чагылдырууга мүмкүнчүлүк берди”, - деп түшүндүрөт автор [2]. Бул эмгекте автор сөз жасоо эки мааниде колдонула тургандыгын белгилеп, аныктама берген. Андан ары окумуштуу сөз жасоо маанисине, соз жасоо тибине, сөз жасоо жолдоруна токтолуп, сөз жасоонун морфологиялык жана синтаксистик жолу тууралуу маалымат берет.

Дагы бир орчундуу эмгек 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун окумуштуулары даярдаган “Азыркы кыргыз адабий тили” деп аталган фундаменталдуу эмгекте сөз жасоо тил илиминин өзүнчө бөлүмү катары мүнөздөлөт. Бул эмгекте да сөз жасоо мааниси, негиз, тубаса негиз, туунду негиз, түзүүчү негиз, туундулук катыш, куранды мүчө, сөз жасоо тизмеги, сөз жасоо тиби, сөз жасоо жолдору, сөз жасоонун айкашуу ыкмасы, сөз жасоонун лексика-семантикалык ыкмасы, сөз жасоонун фонетикалык ыкмасы, сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы каралган жана ушул эмгекте биринчи жолу “сөз жасоо уясына” аныктама берилген. “Сөз жасоо системасын сыпаттоодогу дагы бир түшүнүк - сөз жасоо уясы. Ал тубаса негиз, туунду негиз, түзүүчү негиз, туундулук катыш, сөз жасоо тизмеги сыяктуу буга чейин каралган жана карала элек түшүнүктөрдү ичине камтып, сөз жасоо системасынын тилдеги татаал кубулуш экендигин тастыктайт. Демек, сөз жасоо уясы деп бир уңгудан тараган жана туундулук катыш катыш менен байланышкан туунду жана татаал сөздөрдүн сөз жасоо тизмегинин топтому аталат” [3]. Андан кийинки кыргыз тил илиминде өзгөчө белгилей кете турган эмгек тилчи окумуштуулар Т.Садыков, Б.Сагынбаева тарабынан даярдалган “Кыргыз жана түрк салыштырма грамматикасынын негиздери” деген студенттер үчүн атайын окуу куралы. Бул эмгекте авторлор жети бөлүмдөн турган план боюнча иштешкен. Бул китептин 5-бөлүмү толук бойдон Сөз жасоого арналып, анда негизги түшүнүктөрү, сөз жасоо мааниси, негиз жана анын түрлөрү, туундулук катыш, куранды мүчө, сөз жасоо тизмеги, сөз жасоо уясы, сөз жасоо тиби, сөз жасоо жолдору сыяктуу түшүнүктөргө теориялык анализ берилген. Биздин изилдөөбүздө бул эмгектин бир топ теориялык жыйынтыктары пайдаланылмакчы [8].

Жогоруда көрсөтүлгөн эмгектерден улам сөз жасоо маселесине тиешелүү атайын илимий-изилдөө иши колго алынып, сөз жасоо, сөз жасоо мааниси, негиз, туундулук катыш, куранды мүчө, сөз жасоо тизмеги, **сөз жасоо уясы**, сөз жасоо тиби, сөз жасоо жол-

дору, соз жасоонун айкашуу ыкмасы сыяктуу бир топ проблемаларды акыркы жылдары жарык көргөн жалпы тил илиминдеги, түркологиядагы илимий изилдөөлөрдүн илимий концепияларына таянып, жаңы өңүттөн изилдеп чыгуу учурдун актуалдуу маселелеринен деп белгилемекчибиз.

***Адабияттар***

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. - Б., 2008.

2. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология. – Б.: "Айбек" фирмасы, 1997.

3. Азыркы кыргыз адабий тили. – Б., 2009.

4. Батманов И.А. Грамматика киргизского языка. – Вып.2. Имена. – Казань, 1939. – 289 стр.; Вып. 3. Глагол и отглагольные имена. – Ф., 1940.

5. Кыргыз тилинин грамматикасы. - Ф., 1864., Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. - Ф., 1980., Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. - Ф., 1980.

6. Орузбаева Б. Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу аффикстер. - Ф., 1958: Словообразование в киргизском языке. - Ф., 1964; Кыргыз тилиндеги жалпы элдик негиздери жөнүндө. - Ф., 1968; Кыргыз тилинин грамматикасы (морфология), башка авторлор менен бирдикте. Азыркы кыргыз тилинин грамматикасы (фонетика жана морфология.) - Ф, 1980; Кудайбергенов С. Кыргыз тилиндеги этиштик жасоочу кээ бир мүчөлөр. - Ф., 1966.

7. Орузбаева Б. Сөз курамы. – Б.: Мектеп, 2000.

8. Садыков Т., Сагынбаева Б. Кыргыз жана түрк салыштырма грамматикасынын негиздери. - Б., 2010.

9. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. – Ф., 1959.